КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XVIII-чакырылышынын II-кезектеги сессиясынан**

# ТОКТОМ

2024-жылдын 18-апрели № 19 Барскоон айылы

**Барскоон айыл аймагынын Тосор, Тамга жана Барскоон айылдарындагы көрүстөн жайлар үчүн бөлүнгөн жер тилкелерин жана катуу тиричилик таштандыларын таштоочу жайлар үчүн бөлүнүп берилген жер тилкелерин трансформациялоо жөнүндө**

Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер, агрардык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча башкы адис И.Исашовдун кайрылуусун угуп, талкуулап, Барскоон жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 18-беренесинин 3-бөлүгүнүн негизинде, Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жер, агрардык маселелер жана муниципалдык менчик боюнча башкы адис И.Исашовдун жана Курманбек уулу Каныбектин кайрылуусу канагаттандырылып, Барскоон айыл аймагынын Тосор айылы боюнча № 725 контурдагы жалпы 34,5 га жайыт жер тилкесинин ичинен 10,0 га жер тилкесинин багыты көрүстөн үчүн максаттык багыты өзгөртүлүп трансформациялоого уруксат берилсин.

2. Барскоон айыл аймагынын Тамга айылы боюнча №1099 контурундагы жалпы 12,0 га жайыт жер тилкесинин ичинен 5,0 га жер тилкесинин багыты көрүстөн үчүн максаттык багыты өзгөртүлүп трансформациялоого уруксат берилсин.

3. Барскоон айыл аймагынын Барскоон айылы боюнча №232 контурундагы 0,60 га, 661-контурундагы 2,0 га жана 813, 814-контурларындагы 5,0 га жер аянтынын багыты көрүстөн үчүн максаттык багыты өзгөртүлүп трансформациялоого уруксат берилсин.

4. Катуу тиричилик калдыктарын таштоочу жай үчүн Барскоон айыл аймагынын Тосор айылы боюнча № 301-контурдагы жалпы 0,60 га, Тамга айылы боюнча № -контурдагы жалпы 1.0 га, Барскоон айылынын №730-контурундагы 1,5 га жер тилкесинин максаттык багыты өзгөртүлүп "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонунун жерлери жана башка багыттагы жерлер категориясына" которууга (трансформациялоого) уруксат берилсин.

5. Тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жана мыйзам чегинде иш алып баруу жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.Т.Асанбаевге милдеттендирилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин жер, агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, а/ө -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска